КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫССЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛ ОКМОТУ ЖЕТИ-ОГУЗСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

ТОКТОМ

"27" 02 2025-жыл № 46 Жети-Өгүз айылы

Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 23-сентябрындагы "2025-2030-жылдарга Жети-Өгүз районунда коррупцияга каршы аракеттенүү жана мамлекеттик стратегиян ишке ашыруу жөнүндө" №157 токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 20-январындагы № 3-токтому жөнүндө.

Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 23-сентябрындагы "2025-2030-жылдарга Жети-Өгүз районунда коррупцияга каршы аракеттенүү жана мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу жөнүндө" №157 токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 20-январындагы №3-токтомун аткаруу максатында Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтү **токтом кылат**::

1. Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 23-сентябрындагы "2025-2030-жылдарга Жети-Өгүз районунда коррупцияга каршы аракеттенүү жана мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу жөнүндө" № 157 токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 20-январындагы № 3- токтому жетекчиликке жана аткарууга алынсын.

2. Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 20-январындагы № 3- токтомуна ылайык, Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 23-сентябрындагы "2025-2030-жылдарга Жети-Өгүз районунда коррупцияга каршы аракеттенүү жана мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу жөнүндө" № 157 токтомуна киргизилген өзгөртүүлөр эске алынсын.

3. Стратегияга ылайык, коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча Жети-Өгүз айыл өкмөтүнүн иш-чаралар планы жана айылдарда коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмеги №1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Жети-Өгүз айыл аймагындагы муниципалдык мекемелердин, ишканалардын жетекчилери, айыл башчылар жана айыл башчылардын милдеттерин аткаруучулары квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки

айдын 1нен кечиктирбестен Жети-Өгүз айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары А.Калыковго Иш-чаралар планынын жана тизменин пункттарынын аткарылышы тууралуу маалымат берип турушсун.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары–жоопту катчысы А. Калыковго тапшырылсын.

Башчы **У. Докоев**

Даярдады: А.Калыков 0707384848

Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын “27” 02 №11 токтомуна №1 тиркеме

Жети-Өгүз айыл аймагындагы коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын ТИЗМЕГИ

№	Жети-Өгүз айыл аймагындагы муниципалдык мекемелердин, ишканалардын функциясы (ыйгарым укуктары)	Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар	Коррупциялык тобокелдиктин категориясы: системдүү (реалдуу), потенциалдуу, кырдаалдык	Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (төмөн, орто, жогорку)	Түзүмдүк бөлүмдүн (борбордук аппарттын, аймактык же ведомстволук бөлүмдүн, мекеменин аталышы	Коррупциялык тобокелдикке кабылган кызмат орундар	Башка мамлекеттик органдарда коррупциялык тобокелдиктин пайда болушу мүмкүнбү (мүмкүн болсо, кайсыл экенин көрсөтүңүз)

1	Жерлерди жана муниципалдык менчиктин обьекттери, турак жай коммуналдык чарбасын өнүктүрүүдө жана социалдыкэкономикалык жактан өнүктүрүү боюнча уруксаат функцияларын аткарууда	Жер-тилкелерин, муниципалдык обьектерди ижарага же менчикке берген учурларда келишимдерди түзүүдө. Укук бузуулар Кодексинин негизинде тиешелүү беренелер Кырдаалдык жогорку айыл өкмөт башчысы, жер адистер. Бул тобокелдиктер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн.	Кырдаалдык	жогорку	Айыл өкмөтү	Айыл өкмөт башчысы, жер адистери	Бул тобокелдиктер айыл өкмөтүнүн ишине тиешелүү болушу мүмкүн.
2	Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү каттоосуз жашаган жана пайдаланган жарандарды, о.э. каттоодо турган, бирок жашаган жери боюнча каттоо мезгилинде жок болгон жарандарды аныктоо үчүн аларга бекилген аймактарды (көп кабаттуу, жеке турак жайларды текшерүүдө	Үй-бүлө мүчөлөрүн азайтып жазып коюу тобокелдиги.	кырдаалдык	жогорку	Айыл өкмөтү	Айыл өмөтүнүн тиешелүү кызматкерлер	Бул тобокелдиктер айыл өкмөтүнүн ишине тиешелүү болушу мүмкүн.
3	Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында муктаждыктар үчүн товарларды сатып алуу	Мамлекеттик сатып алууларда	Кырдаалдык	жогорку	Айыл өкмөтү	Айыл өкмөт башчысы, башкы эсепчиси, айыл өкмөтүнүн	Бул тобокелдиктер айыл өкмөтүнүн ишине тиешелүү болушу мүмкүн.

						сатып алуулар боюнча адиси, Мамлекеттик сатып алуулар боюнча комиссия мүчөлөрү	
4	Муниципалдык кызмат орундарына дайындоо, кадрлар резервине киргизүү, аттестациялоо	Кызмат орунга дайындоо, аттестациялоо учурлары	Кырдаалдык	жогорку	Айыл өкмөтү	Айыл өкмөт башчысы, муниципалдык ишканалардын башчылары, конкурс өткөрүү боюнча комиссиялар	Бул тобокелдиктер айыл өкмөтүнүн ишине тиешелүү болушу мүмкүн.
5	Айыл аймагынын социалдык экономикалык өнүгүүсүнө жана инфраструктурасын жакшыртуу, жергиликтүү бюджетти жогорулатууда	Социалдык обьектилерин оңдоп, түздөөгө берилген тендерлер. Чечимдерди, токтомдорду кабыл алуу	кырдаалдык	жогорку	Айыл өкмөтү, айылдык кеңеш	Айыл өкмөт башчысы, айыл өкмөт башчысынын орун басары жооптуу катчы, тиешелүү адистер, айылдык кеңештин төрагасы, депутаттары	Бул тобокелдиктер айыл өкмөтүнүн ишине тиешелүү болушу мүмкүн.
	Уруксат берүү функциясы						
6	Соода жүргүзүүдө тиешелүү болгон органдардын өзүнө жүктөлгөн функцияларын жүзөгө ашырууда.	Баш аламан соодага уруксат берүү	потенциалдуу	жогорку	Айыл өкмөтү, айылдык кеңеш	Айыл өкмөттөрүнүн тиешелүү кызматкерлери, айылдык кеңештин төрагасы, депутаттары	Бул тобокелдиктер айыл өкмөтүнүн ишине тиешелүү болушу мүмкүн.
7	Жер акы өлчөмдөрүн баалоодо, жер мамилелерин жөнгө салууда жана укуктук системаны ишке ашырууда. Муниципалдык	Төлөмдөрдүн көлөмүн төмөндөтүп көрсөтүү	потенциалдуу	жогорку	Айыл өкмөтү, айылдык кеңеш	Айыл өкмөт башчысы, муниципалдык мекеме,	Бул тобокелдиктер айыл өкмөтүнүн ишине тиешелүү

	менчиктерди убактылуу пайдалануу га берүүдө жана башкарууда.					ишканалардын башчылары, тиешелүү кызматкерлер. айылдык кеңештин төрагасы, депутаттары	болушу мүмкүн.
8	Муниципалдык ишканасынын финансылык жана чарба иштерин, чарбалык эсептеги (хозарсчеттук) негизде ишке ашырууда бюджеттик жана чарбалык эсептеги уюмдардын келишимдерин жүргүзүүдө.	Иш планын заказдардын, келишимдерин ишке ашырууда	потенциалдуу	жогорку	Айыл өкмөтүнүн алдындагы Муниципалдык ишкана	Муниципалдык ишкананын башчысы, тиешелүү кызматкерлери	Бул тобокелдиктер айыл өкмөтүнүн ишине тиешелүү болушу мүмкүн.
9	Турак жай салуу үчүн жер участкаларын берүүдө	Жер бөлүштүрүү учурунда мыйзамсыз жер бөлүп берүү	кырдаалдык	жогорку	Айыл өкмөтү	Айыл өкмөт башчысы, айыл өкмөт башчысынын орун басары, жер адистер	Бул тобокелдиктер айыл өкмөтүнүн ишине тиешелүү болушу мүмкүн
10	Жайыттарды пайдалануу, ижарага берүүдө	Жайыттарды убактылуу пайдалануу га берүү учурунда, аукцион өткөрүү учурларында	кырдаалдык	жогорку	Айыл өкмөтүнүн алдындагы муниципалдык ишкана	Айыл өкмөт башчысы, Муниципалдык ишкананын жетекчиси	Бул тобокелдиктер айыл өкмөтүнүн ишине тиешелүү болушу мүмкүн.
	Жергиликтүү салыктардын өлчөмүн белгилөөдө жыйноодо	Жергиликтүү салыктардын өлчөмүн белгилөө жана жыйноо учурларында	потенциалдуу	жогорку	Айыл өкмөтү	Айыл өкмөттөрүнүн финансыэкономикалык бөлүмүнүн башчылары жана салык боюнча адистер	Бул тобокелдиктер айыл өкмөтүнүн ишине тиешелүү болушу мүмкүн.

Жети-Өгүз айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары–жоопту катчысы **А. Калыков**